Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Аркин Е.А. Родителям о воспитании / Е.А. Аркин. – М., 1957. – 136 с
2. Асаналиева Мээргүл Максуталиевна - XXI КЫЛЫМДАГЫ ТАРБИЯЛОО, БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА РУХАНИЙ КООПСУЗДУК https://elibrary.ru/download/elibrary_45598504_84620187.pdf
3. Карагозуева Г.Ж. Студенттердин этномаданияттык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү / Г.Ж. Карагозуева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – № 4. – С. 85-90.
4. Кочкаров В. Руханият негиздери / В.Кочкаров, О.Махмудова, З.Заманов. – Т., 2017. – 228 б.
5. Макаренко А.С. О воспитании молодежи / А.С. Макаренко – М., 1951. – 122 с.
6. Подласый И.П. Педагогика / И.П. Подласый – М., 2016. – 142 с [3, 142-б].
7. Шарипова Э.К., Ысмаилова Р.А., Салимов Р. Ош мамлекеттик университети, Ош шаары. КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНДАРЫНЫН РУХАНИЙ КООПСУЗДУГУ https://elibrary.ru/download/elibrary_60034242_98708779.pdf

Социалдык-экономикалык билим берүү

УДК:39(=512.154) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.585**

ПАМИРЛИК КЫРГЫЗДАРДЫН ЖӨРӨЛГӨЛҮҮ УБАКЫТ ТААНУУ СИСТЕМАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТЫК ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Сайпидин Ысак,доцент
Түндүк батыш педагокикалык университети
Ланжов шаары., Кытай
e-mail: caifuding1986621@163.com

Алияр Алмаматов,бакалавр
Түндүк батыш педагокикалык университети
Ланжов шаары., Кытай
e-mail:aliyaralmamatov@gmail.com

ЭКОЛОГИКО-КУЛЬТУРНАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ТРАДИЦИОННОЙ СИСТЕМЫ ВРЕМЕННОГО ВОСПРИЯТИЯ ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ

Сайпидин Ысак, доцент
Северо-Западный педагогический университет
г. Ланьчжоу, Китай
e-mail: caifuding1986621@163.com

Алияр Алмаматов, бакалавр
Северо-Западный педагогический университет
г. Ланьчжоу, Китай
e-mail: aliyaramamatov@gmail.com

AN ECOLOGICAL-CULTURAL INTERPRETATION OF THE RITUALIZED TIME COGNITION SYSTEM AMONG THE PAMIR KYRGYZ

Saipidin Ysak, Associate Professor
Northwest Normal University

Lanzhou, China
e-mail: caifuding1986621@163.com

Aliyar Almamatov, Bachelor’s degree
Northwest Normal University
Lanzhou, China
e-mail: aliyaramamatov@gmail.com

Аннотация

Памир бийиктиги кылымдардан бери адамзатты өз кучагында багып өстүрүп бул жерде канчалаган маданияттын бар болуп өсүп-өнүгүшүндө алтын бешик болуп келгендиги барыбызга белгилүү. Бул жерде кылымдар бою жашап жергиликтүү тургуну саналган кыргыздар кылымдар бою бул жаратылышы катаал жерде ата-бабаларынан бери жашап жана акырындап ыңгайлашып, өндүрүш жана жашоодо өзгөчө болгон улуттук маданиятын калыпташтырганга жетишишкен. Ушулардын арасында булардын убактты таануу жана эсептөө жагындагы билимдерин иреттеп жана казып анын артында турган маданияттык маани-маңызды аңдап билүү иликтөөгө татыган бир тема болуп саналат. Себеби элибиздин бул жактагы билимдери чоң жагынан окшоп калганы менен өздөрүнүн жашаган жерине, жаратылыштык чөйрөсүнө жараша айрымалуу болгондугун эске алышыбыз керек экенин эскертет. Көчмөн элдердин убакыт эсептөөсү көбүнчө табигый чөйрөгө таянат жана асмандагы астрономиялык объекттердин кыймылы, жаныбарлардын көбөйүү жана көчүү мыйзам ченемдери, ошондой эле ар түрдүү табигый кубулуштарды узак мөөнөттүү байкоо жана тажрыйба жыйынтыгы аркылуу калыптанган. Ошондуктан, Памир бийиктигинде кылымдар бою жашаган кыргыздар, белгилүү бир экологиялык чөйрө жана өндүрүш ыкмаларынын таасири астында, өзгөчө убакыт эсептөө системасын жана анда камтылган бай маданий маанини башкача түзүп жана өнүктүрүп чыгышкан. Бул билим берүү системасы жакшылык жана жамандыкка жышан болгон мүчөл убакыт эсеби, жыл жана ай эсеби, жана ар кандай фенологиялык жана климаттык мерчемдер мисалы, сарыкар, саратан, чилде, үт, ж,б. эле. Бир эле күндөгү күндүн асмандагы орду(чыңкы түш), көлөкөнүн узун кыскалыгы(ала көлөкө), жылдыздардын орду(сары жылдыз жоголгон кез, түн такта) жана башкаларга негизделген өтө эле так таамай эсептеген убакыт таанымдары убакыттын мезгилдердерин так бөлүштүрөт жана татаал, көп деңгээлдүү убакытты кабыл алуу структурасы катары толук көрүнүш табат. Биздин оюбузда эл арасындагы мындай элдик жөрөлгөлүү белгилерди иреттеп топтоо жана анын маданияттык маанисин иликтөө кыргыз элинин балуулуктарын байытат. Ал жөн гана чачыранды билим болбостон тескерисинче катааң ары системалашкан, илимий логикага ээ жана памир тоолук эко-жүйөсүнө жогорку даражада ыңгайлашкан жергиликтүү билим экени байкалат. Анын түпкү мүнөздүүлүгү болсо айлана чөйрөнү таануу жана ошонун негизинде жашоосуна өбөлгө түзүү болуп, бул билим системасы абстрактуу убакытты көз менен көрүп байкоого боло турган, сезинип биле ала турган жаратылыш жашоосу жана практикасы менен которуп жаратылыштын койнунда ирашкер жашашкан жана жаратылыш менен адамзат бир-бири менен түшүнүп аңдашуу деген экологиялык ааламдык көз карашын терең чагылдырат. Бул билимдер алардын салттуу көчүп-конуу жана мал-чарба иштеринин так жана натыйжалуу аткарылышы үчүн зарыл болгон убакыт программасы болуу менен бирге, алардын маданий идентикасы жана экологиялык акыл-эсинин жыйынтыгы болуп саналат. Заманбап доордо жана глобалдашуу шартында бул билимдерди системалуу түрдө түшүндүрүү, маданий ар түрдүлүктү түшүнүү, заманбап убакыт түшүнүгүн кайра карап чыгуу жана жергиликтүү экологиялык билимдердин маанисин ачуу үчүн өтө маанилүү.

Ачкыч сөздөр: *Памир бийиктиги, кыргыздар, жөрөлгөлүү убакыт таануусу, экологиялык билим*

Аннотация

Памирское высокогорье на протяжении веков служило пространством формирования и развития различных культур, выступая своеобразной колыбелью человеческой цивилизации. Кыргызское население, являющееся коренным жителем данного региона, на протяжении длительного исторического периода адаптировалось к суровым природным условиям, формируя уникальную систему хозяйственной деятельности и национальной культуры. В этом контексте особый интерес представляет традиционная система временного восприятия и исчисления времени, отражающая глубинные культурные и экологические смыслы.

Традиционное времяисчисление кочевых народов, как правило, основывается на наблюдении за природной средой, включая движение небесных тел, циклы размножения и миграции животных, а также долговременные наблюдения за природными явлениями. Кыргызское население Памира сформировало сложную и многослойную систему временного восприятия, включающую годовые и месячные циклы, двенадцатилетний календарный цикл (мүчөл), а также разнообразные фенологические и климатические ориентиры (например, «сарикар», «саратан», «чилде» и др.).

Особенностью данной системы является её высокая точность и опора на конкретные природные признаки, такие как положение солнца и звёзд, длина тени и другие наблюдаемые явления, что позволяет структурировать время на различных уровнях. Указанная система представляет собой не фрагментарное знание, а целостный, логически организованный и экологически адаптированный комплекс традиционных знаний. Её сущностной основой является познание окружающей среды и организация жизнедеятельности человека в гармонии с природой.

Таким образом, традиционная система временного восприятия памирских кыргызов выступает не только практическим инструментом планирования хозяйственной деятельности, но и важным элементом культурной идентичности и экологического мышления. В условиях глобализации её системное изучение и интерпретация имеют значимое значение для сохранения культурного разнообразия и осмысления роли локальных экологических знаний.

Ключевые слова: *Памирское высокогорье, кыргызы, традиционное времяисчисление, экологическое знание*

Abstract

The Pamir highlands have long served as a cradle for the development of diverse cultures. The Kyrgyz people, as indigenous inhabitants of this region, have gradually adapted to the harsh natural environment over centuries, forming a distinctive system of livelihood and cultural practices. Within this context, the traditional system of time perception and calculation represents an important field of study, as it reflects profound ecological knowledge and cultural meanings.

The time-reckoning practices of nomadic societies are largely based on close observation of the natural environment, including the movement of celestial bodies, patterns of animal migration and reproduction, and long-term observations of climatic and environmental changes. The Pamir Kyrgyz have developed a complex and multi-layered system of temporal cognition, encompassing daily, monthly, seasonal, annual, and even twelve-year cyclical (müchöl) frameworks, as well as various phenological and climatic markers (such as “Sarykar,” “Saratan,” “Childe,” etc.).

A distinctive feature of this system is its precision and reliance on observable natural indicators, including the position of the sun and stars, the length of shadows, and other environmental cues. This results in a highly structured and integrated temporal framework. Rather than being fragmented knowledge, it represents a coherent, logically organized, and ecologically adaptive body of traditional knowledge. Its fundamental principle lies in understanding the environment and organizing human life in harmony with nature.

Therefore, the traditional time cognition system of the Pamir Kyrgyz functions not only as a practical tool for regulating economic and social activities but also as a key expression of cultural identity and ecological worldview. In the context of globalization, its systematic study and

interpretation are of great significance for preserving cultural diversity and re-evaluating the role of indigenous ecological knowledge.

Keywords: *Pamir highlands, Kyrgyz, traditional time cognition, ecological knowledge*

Киришүү.Убакыт адамзат коомунун уюштуруусунда жана ааламды түшүнүүсүндө кем болсо болбой турган түйүндүү таанымдарынын бири саналат. Бирок, убакыттын сезип билүү, бөлүү жана ага кандайдыр бир маани ыйгаруу маданият менен чөйрөнүн өзгөчөлүгүнө жараша ар түрдүү көрүнүштөрдү көрсөтөт. Сааттар менен Григориан календары тарабынан чагылдырылган бир тектүү, абстракттуу стандарт убакыт дүйнө жүзү боюнча башкы үлгүгө айланганга чейин, ар бир эл өздөрүнүн жашоо тиричилигине, экологиялык чөйрөсүнө тыгыз байланышкан өзгөчө убакыт системаларын иштеп чыгышкан. Изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөй, көчмөн цивилизациясындагы убакыт түшүнүгү сызыктуу, бир тектүү саат убактысына эмес, мейкиндиктеги кыймылдуулукка, табигий ритмдерге жана өндүрүштүк окуяларга тыгыз байланышкан жана ачык ситуациялык, сызыксыз мүнөзгө ээ [Irvine, 2025,15-бет]. Кытайдын Шынтсзян-Уйгур автоном районунун түштүгүндө жашаган кыргыздар, кылымдар бою Памир бийиктиги менен Тян-Шан тоолорунун кесилишиндеги татаал географиялык чөйрөдө, негизинен көчүп-конуу менен алектенип, тоо этегиндеги элдер дыйканчылыкты кошумча кесип катары кармашып келишкен. Катуу жана өзгөрмөлүү тоолук чөйрө менен узак мөөнөттүк өз ара аракеттешүүдө, алар чебер байкоо, бай тажрыйба жана коллективдүү акыл-эс аркылуу өтө так, өз алдынча система түзгөн салттуу убакыт эсептөө билимдерин түзүп жана урпактан-урпакка өткөрүп келишкен. Жергиликтүү элдин убакыт эсептөө ыкмасы негизинен башка элдер менен чоң жагынан окшош болгонуна карабай аз болбогон өзүндүк өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган жана жоголуп же унут болуп бараткан бул бул элдик билим системасын жазып алуу максатында түзүлгөн бул кундуу элдик материал так айтканда, так жана системалуу жергиликтүү билимдердин этнографиялык очерки болуп саналат. Элдик баалуулуктарды чогултуу жүрүшүндө мындан он жыйырма жыл мурда эл арасында тээ асман денелеринин мыйзамдуулугун тартып элдик салт-санаа, тил маданияттарга чейинки билимдерди таамай билген аксакалдардан убагында жазып калтыра албаганыбыз кишини абдан өкүндүрөт. Бирок ошого карабастан “колдо бар алтындын баркы жок” болбойлу деп азыркы күндөгү замандаш жашап жүргөн журт аксакалдарынан болсо да сурап алардын баалуулуктарын болсо да алып калалы деген максатта жазылган болуп, бул макаланын балуулугу чачылыңкы фолклордук материалдардын жыйындысы болбостон, жылдык циклден, сезондук фенологиядан, ай фазаларынан башталып күндүзгү учурларга чейинки толук камтылган билимдер жүйөөсү болуп табылат. Макалада оболу бул билимдер асмандагы күн, ай, жылдыздардын аралык-бийиктигин жана аңчылык менен мал чарбачылыгынын тажрыйбасын байкоодон алынган жана турмуштук күндөлүк иштерди пландаштыруу үчүн колдонулган деп белгиленет. Бул бизге бир элдин кең асман менен конкреттүү эко-жүйөнү канттп күнүмдүк практиканы жөнөкөй жетекчиге айландырганын көрүүгө абдан мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз көчмөндөрүнүн салттуу календарын изилдөөдө, алардын убакыт системасы табигий сезондук өзгөрүүлөргө жана мал чарбачылыгынын циклдерине негизделгенин, убакыттын бөлүнүшүнүн абстракттуу календардык тартиптерге эмес, экологиялык чөйрөгө жана өндүрүштүк практикага көз каранды экенин белгилеген [Isakov, 2018,202-бет] .

Ошондуктан, бул изилдөө ошол жерде жашаган жергиликтүү жашоочулардан сурамжылоо жүргүзүп, автордун өзү да алар менен көп жылдар бою чогу жашап көп жылдар бою жыйнаган материялдар негизинде негизги булак катары алып, ага системалуу экологиялык-маданий түшүндүрмө берүүгө аракет кылмак. Макаланын башкы идеясы: кыргыздардын салттуу убакыт түшүнүгү белгилүү бир эко-жүйөгө тамырын жайган, башкача айтканда, бул бир окуя жана дене борборуна негизделген жергиликтүү билимдер системасы. Ал убакыт деген абстракттуу өлчөмдү ар кандай байкалуучу табигий кубулуштарга (асмандагы объекттердин кыймылы, жаныбарлардын көбөйүп өсүүшү,

көчүшү, өсүмдүктөрдүн өсүүсү, климаттын өзгөрүшү) жана сезилүүчү дене тажрыйбаларына (көлөкөнүн жылышы, температуранын өзгөрүшү) ж,б ушул сыяктууларга байланыштырып таанып билген жана ошонун негизинде жашоо тиричилигин пландаштырган. Бул жөн гана өндүрүштүк жана турмуштук практиканы өтө так жетектөө менен чектелбестен, терең деңгээлде аалам менен адамдын биримдиги өз ара аракеттешүү жана өсүү принциптерин коддоочу экологиялык дуалисттик көз карашты чагылдырат. Бул жоголуп кетүү коркунучу бар билимдер системасын терең түшүндүрүү, маанилүү бир маданий элес түрдүү мурасты илимий жактан каттоо менен чектелбестен, адам маданияты менен экологиялык ар түрдүлүктүн терең байланышын түшүнүү үчүн да баалуу мисал болуп саналат. Төмөндө бул балуулуктар боюнча айрым-айрым талкуу жүргүзөбүз.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул изилдөөдө Памирлик кыргыздардын салттуу убакытты таануу системасына байланыштуу материалдар негизинен талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында топтолгон элдик маалыматтарга, оозеки булактарга жана буга чейинки илимий эмгектерге таянат. Автор тарабынан көп жылдар бою жүргүзүлгөн талаа иштеринин жүрүшүндө жергиликтүү тургундардан алынган маалыматтар, маектешүүлөр жана байкоолор негизги эмпирикалык материал катары кызмат кылат.

Изилдөөдө салыштырма-талдоо ыкмасы, сапаттык талдоо, ошондой эле этнолингвистикалык жана маданий интерпретация ыкмалары колдонулду. Памирлик кыргыздардын убакыт түшүнүгүн түзгөн тилдик бирдиктер, жөрөлгөлөр жана табигый белгилер системалуу түрдө талданып, алардын экологиялык жана маданий маңызы аныкталды. Мындан тышкары, салттуу билим менен заманбап илимий көз караштардын өз ара байланышын ачып көрсөтүү максатында интердисциплинардык ыкма да пайдаланылды.

Жыйынтыктары жана талкуулоо. Изилдөөнүн жыйынтыгында Памир аймагындагы салттуу убакытты таануу системасы өз алдынча түзүлгөн, ички логикасы бар бирдиктүү система экендиги аныкталды. Бул система күндүн ичиндеги убакыт бөлүштүрүүдөн баштап, ай ичиндеги, айлык, сезондук, жылдык, ал тургай он үч жылдык циклдерге чейинки көп деңгээлдүү убакыт түшүнүгүн камтып, фрагменттүү эмес, өз ара байланышкан бүтүндүктү түзөт. Убакытты таануу жаратылыш шарттары менен тыгыз байланышта болуп, географиялык чөйрө, асман телолорунун кыймылы, өсүмдүктөрдүн өсүшү жана өзгөрүшү, жаныбарлардын уйкуга кетиши, көчүшү жана көбөйүшү сыяктуу фенологиялык көрүнүштөр, ошондой эле ар түрдүү аба ырайы шарттары негизги ориентир катары кызмат кылаары байкалды. Бул билимдердин негизинде адамдар өз турмушун туура уюштуруп, чарбачылыкты пландап, табигый коркунучтардан сактанууга аракет кылышкан. Демек, бул салттуу убакыт системасы экологиялык тажрыйбага негизделген практикалык мааниге ээ маданий механизм катары каралат.

I жылдык убакыт мерчеми

Жергиликтүү эл жылдарды чычкан ,уй, барс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, маймыл, тоок, ит, доңуз сыяктуу жаныбарлардын аттары менен аташкан. Жергиликтүү элдин бул боюнча билгени салыштырмалуу тайыз болуп жазып калтыргандарыбыз булар болду. Барыбызга белгилүү болгондой кыргыздар аркандай убакыттардын кандайдыр бир маданияттык маани менен байланыштырган. Булардын арасында ар бир жылдар түшүнүгү өзгөчөрөөк болуп табылат. Себеби жөрөлгөлүү түшүнүктө ар бир жылдын кандай болушу алдын ала билинет деп каралган. Мисалы, чычкан жылында уурулук, тоноочулук дегендей жамандыктар айтоор чыгым болот деп чычкандын адамзатка келтирген зыянынан улам ушинтип карашкан. Ал эми уй жылында жыл оор болот, кар көп жаап жут болот деп карашкан. Бул да топоздун бийик тоолуу, карлуу чөйрөдө жашаган мүнөзү менен байланыштыргандай. Жолборс жылын да оор болот, оору-сыркоолуу болот деп караган; коён жылында коёндун дене турпатына карай жыл жеңил болот, эл жылдан кыйналбай эле чыгат деп болжонгон; балык жылы менен жылан жылы жаанчыл болот деп болжонгон. Жылкы жылы шамалдуу болот деп болжонгон. Кой жылында жыл оор болуп оору-сыркоо көп болот, кыйындарак чыгат деп болжонгон. Маймыл жылында да жыл оор болуп эл кыйындараак жылдан чыгат деп болжонгон. Тоок жылында болсо токчулук болбой, жутап,

кыйналып чыгат деген. Ит жылында жыл жеңил өтөт, эл журт кыйналбай жыл жеңил болот деп иттин ылдамдык табыятына байланыштырып түшүнүшкөн. Доңуз жылында жыл оор болуп кыйынчылык менен чыгат деп караган. Демек бул жылдарды канчалаган кылымдардан берки жашоо корутундусунан улам тыянактап анан тийешелүү жаныбарлардын аттарын коюп жылдардын кандай болушун болжогон. Ал убакыт өлчөмүн экологиялык коркунучтар (кар кырсыктары), коомдук тартип жана ресурстардын молчулугу же тартыштыгы менен тыгыз байланыштырып, убакытты жамааттык тажрыйба менен жашоо стратегияларын камтыган маданий контейнерге айланткан.

II мүчөл жана мүчөл чыгаруу ырымы

Он үч жылды бир мүчөл деп эсептешкен. Себеби баланын эненин курсагына бүткөнүн да бир жылга кошо эсептеген. Он үч жаш кези, жыйырма беш жашы, отуз жети жашы, кырк тогуз жашы, алтымыш бир жашы, жетимиш үч жашы, сексен беш жашы, токсон жети жашы булар адамдардын мүчөл жаштары болгон да мүчөл жашы болгондо анын да ырымы болгон. Сексен беш жашты жашаган эрде эмне сын жети тогоол өткөн жерде эмне сын, бул бала кыял жаш деп, андан кийинки мүчөл жаштар көп деле сүрүштүрүлбөйт[Кален асанакун, 2026]. Кашык сындырып мал союп назири өткөзөт. Сындырган каштыкты түндүктөн ары ыргытат. Анан жакшылыкка ыралап белгилүү убакытка чейин кызыл кийгизет. Дагы мүчөл жылы болгондо кандайдыр бир кооптуу же жамандык иштерден сак болуп, байкап жүрүлөт деп айтылат. Бул боюнча манас эпосунда да айтылат. Манас чоң казатка жөнөп баштаганда каникей “же мүчөлүңдөн бир жыл кийин же бир жыл мурда барбай мүчөлүңдө күчөдүң” деп айтканы бар. Мүчөлүндө кырсык болот деп ишенишет. Эгер мүчөлүн баштан бойго тергебесе анда эч нерсе болбойт дешет. Эгер мүчөлүн тергеп ырымдап жүргөн болсо анда мүчөлү келгенде ырымдап жамандыктан жана кырсыктан оолак болууну тилеген. Эгер мүчөлүндө бирээр каргаша болсо анда мүчөлүнөн болду деп карашат.

III фенологиялык кубулуштарды байкоо жана мезгилдерди бөлүү

Кыргыздардын салттуу маданиятында мезгилдерди бөлүү жаратылышты майда-чүйдөсүнө чейин кылдат байкоого терең негизделген. Бир жыл жаз, жай, күз, кыш болуп төрт мезгилге бөлүп эсептешкен. Адамдар мезгилдерди мүнөздүү фенологиялык кубулуштарга карап атап, белгилешкен. Мисалы кыш мезгилинде кулжа бурак же кулжа чачылды же кулжа чаңыт (11-айдын отузунчу күнүнөн он экинчи айдын бешинече, күн токтоду делинет, күн он күн токтоп анан кайтат, чаңыттап кар жаайт же суук болот), теке чачылды (теке бурак, теке чаңыт, 12-айдын онунчу күнүнөн 20-күнүнөчө, гулжадан он күн кийин болот, теке жүгүргөндө күн кайтат, чаңыттап кар жаайт же суук болот), кулжа бөлүндү, теке бөлүндү, чилде, дә (25-30 күн), үт (10-15күн); көктөм мезгилинде болсо чандөлөч келди, каз келди, сугур чыкты, бөөрү тууш(көк чыккандан соң), аркар тууду(бешинчи айдын жыйырмалары), эчки тууду (алтынчы айдын башы), ноктек гүл ачты; жай мезгилинди болсо саратан, от бышты дегендей. Бул убакыт мерчемдери негизи жаратылышты байкоодон тыянакталган. Жаратылыштагы жандуулардын көбөйүү, төлдөө, көчүү, от-чөптөрдүн өсүү же кууроосу ж,б,у,с кандайдыр бир мыйзамдуулукка ээ табият кубулуштарын билүү аркалуу мезгилдеги мерчемдүү убакыттарды туюнткан жана ошол аркылуу турмуш-тиричилигин жүргүзүшкөн. Бул аталыштар кыргыздардын жаныбарлардын жүрүм-туруму жана өсүмдүктөрдүн өсүшү сыяктуу фенологиялык кубулуштар аркылуу мезгилдердин алмашуусун аныктоодогу терең даанышмандыгын чагылдырат. Алар жаратылыштагы өсүмдүк-жаныбарлардын циклдик өзгөрүүлөрүн кылдат байкап, табияттин ритмин убакытты түшүнүү менен айкалыштырышкан, натыйжада календарды экологиялык кубулуштар менен бир бүтүн система катары карашкан.

Тиешелүү изилдөөлөр көрсөткөндөй, кыргыздардын салттуу убакыт түшүнүгү көчмөн өндүрүш ыкмасы менен тыгыз байланышта болуп, убакыт көбүнчө мал багуу, көчүп-конуу, төл алуу сыяктуу конкреттүү иш-аракеттер аркылуу кабыл алынып жана өлчөнгөн . Бул убакыт бөлүштүрүүлөр негизинен жаратылышты байкоого таянган. Жаратылыштагы жаныбарлардын көбөйүшү, төлдөшү, көчүшү, өсүмдүктөрдүн өсүшү же куурашы сыяктуу

мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдү байкоо аркылуу алар мезгилдик убакыт түшүнүгүн калыптандырып, жашоо-турмушун ошого жараша уюштурушкан[Isakov, 2018,202-бет].

Башка жердеги кыргыздар сыяктуу эле жергиликтүү эл төрт мезгилди гана айырмалабастан, жаратылыштагы өзгөрүүлөргө карап айлардын алмашуусун да аныктай алышкан. Айлар айдын толуп-азайышына жараша бөлүнүп, бир жыл төрт мезгилге бөлүнгөн, ар бир мезгил үч айдан турган. Бир ай отуз күн деп эсептелген. Чоң ай 31 күн, кичинек ай 30 күн болот. Февral айы кээде 28 күн, кээде 29 күн болот. Салттуу айлар да ар кандай аталыштар менен аталган, мисалы: ошур ай, барат ай, сапар ай, сапар кошун, жумадыл авал, жумадыл ахыр, шабан айы, ражап айы, орозо айы, айт ай, арай, айты курбан сыяктуу арапча айлар менен атаган. Айдын Турпатына жана түсүнө карап да ошол айдын кандай болушу жоромолдонгон. Мисалы, сур түстө болсо шамалдуу, агыш түстө болсо жаандуу болот, гүлгүн кызгылт болсо ысык болот деп болжонгон. Ошону менен кошо айдын өзгөрүшүн байкоо аркылуу айдын башталышын жана аякташын аныкташкан. Ай жаңы чыккан сайын жаңы ай башталат деп эсептелген. Ошондуктан ай жөн гана жаратылыштагы асман телосу эмес, убакытты эсептөөнүн маанилүү негизи болуп кызмат кылган. Мисалы, ай жаңырды, айга бир, айга үч, айга беш, ай жарым болду, ай толду, ай бузулду ж,б. Бул кыргыздардын ай фазаларынын өзгөрүшүн кылдат байкаганын көрсөтөт. Кыргыздардын жаңы жылы адатта 21-мартта, күн менен түн теңелген жазгы теңелүү маалында белгиленет. Бул күн жаңы башталыштын символу болуп эсептелет. Жаратылыш ойгонуп жан-жаныбар өсүмдүк кышкы уйкудан ойгонуп жаңы жашоосун башташат. Айтууга тийешелүү болгону бул жерлерде Нооруз анча деле олуттуу майрам катары белгиленип келген эмес. Эл арасында “беш тогоол өтпөй бел чечпе” беш тогоол өтпөй жай болбойт, пейили тар киши бай болбойт” дегендей макалдар айтылып калган. Мунун маниси адамдарга жаз мезгили келген болсо да катаан өзгөрмөлүү жаратылыштык кубулушрадан сак болууну унутпоону эскертет. Себеби тоолуу аймактарда аба ырайы тез өзгөрүп, туруксуз болот, жана бул жерде жаз салыштырмалуу кечирээк болгон. Ошондуктан ар дайым сактык чараларын көрүп, жагымсыз аба ырайына даяр болуу зарыл деген акылынын кортундусу деп карайбыз.

Салттуу көчмөн турмушта мындай элдик фенологиялык белгилер маанилүү практикалык функцияга ээ болгон. Кыргыз малчылары климаттык жана фенологиялык өзгөрүүлөргө жараша чарба иштеринин ритмин уюштурушкан: кочкорду качан куутка кошуу, качан төлдөтүү, качан жайлоого же кыштоого көчүү, качан кой кыркуу, качан кышка камданып мал союу-мунун баары мезгилдик аба ырайынын өзгөрүшүнө жараша аныкталган. Мисалы, кырк чилде деп кыштын катуу суук болгон кырк күнүн көрсөткөн болуп бул алардын жашоосуна өндүрүшүнө таасир тийгизген. Эгер мал-чарба бул кезде төлдөп калса катуу сууктан тоңуп төлдүн киришине терс таасирин жеткирген. Ошого кочкорлордун кууту ошол боюнча эсептеп кырк чилдеге душар болбогон убакыткка карап пландаган. Эл арасында “ үт, кетмен савын тут” деп жаз жакындап топурак жумшап калган кезди айткан болуп бул кезде дыйканчылык куралдарын кайрадан караштырып дайындап жазгы иштеп чыгарууга дайындалуунун сигналы деп каралган. Жана мисалы, сарыкар деп суур ининен чыгышынын белгиси катары каралган. Суур жыл сайын күз айларынын аягында кышкы уйкуга кетип, жазында ойгонуу мезгили аба ырайынын өзгөрүшү менен тыгыз байланышта болот: суур сентябрдын аягында кышкы уйкуга киргенде, бул бийик тоолуу аймактардагы жайыт чөбү куурай баштай турганын билдирет, ошондуктан малчылар күзгү көчүп-конууга, ылдый жакка түшүүгө кам көрүшөт ал эми кийинки жылдын апрел айларында суур уядан чыкканда, бул кардын эриши, жайыттардын жанданышы жана малды кайра тоо жайлоолоруна айдап чыгууга ыңгайлуу мезгил келгенинин белгиси болуп эсептелет. Демек, мындай фенологиялык белгилер табигий календарди эске салат, алар көчмөн чарбанын ритмин жөнгө салып, малчыларга мезгилге жараша жайытты жана чарбалык иштерди туура уюштурууга жардам берген.

IV өтө майда жана так болгон убакыт эсептери

Салттуу жашоодо азыркыдай саат болгон эмес. Күндүн асмандагы орду жана көлөкө

сыяктууларга же асман денелердин көрүнүшү, жарыктыгы сыяктууларга таянып убакыт мерчемдерин таанып бекитишкен. Бир күндүн окшобогон маал (кезең) аттары бар болгон. Мисалы: таңгал маал, таң атуу, жер жаруу, күн кырлардын башына тийүү, күн жайыла тийүү, шашке, чоң шашке, козу түш, чыңкы түш, түш оогон маал, жарык пешим, ала көлөңкө кайткан маал, кечпешим, күн олтура маал, күгүм, көз байлануу, жатаар мал, оор жатар, түн ортосу, түн оогон маал, сары жылдыз жоголгон кез, таңга маал дегендей. Демек мурдагы кездерде саат болгон эмес. Кишилер убакытты күндүн оордуна, заттардын көлөңкөсүнө карай болжолу эсептеген. Табыяттагы нерселерге карай жана жарыктыктын өзгөрүшүнө карай убакытты билген. Күндүн асмандагы оорду, асмандагы жылдыздардын жарыктыгы, тоо-таштардын көлөңкөсү сыяктууларга негизделип маалдарды болжошкон. Төмөндө бул убакыттарды кыскача баян кылабыз.

Таңгал маал: түндүн караңгысы тарай баштаган маал. Мында жана эле түн негиздүү орунда турат. Кишилер узак сапарларга чыкмак болсо таңга маалдап жолго чыккан. Койлорду, же кочкорлорду таңга маалдап короодон чыгарып баккан себеби жайдын күнүндөгү таңга маал абдан салкын болот.

Таң атуу: чыныгы жер жарыганга баштаган убакыт аралыгы. Мында түн менен күндүз негизи теңдешип калат. Нерселер көзгө көрүнүп калат.

Жер жаруу: жерлер чыныгы көрүнөт. Күндүз жарыктык үстүндүк орунга өтө баштайт. Айланадагы нерселер ачык көрүнөт. Бирок күндүн нуру жерге алы жетип келе элек кез.

Күн кырлардын башына тийүү: бул кезде жердин баардык жери жарып кыйла алыстарда көргөлү болот. Бийик кырлардын баштарына күндүн нуру тийет. Кырдын учтары саргыч болуп көрүнөт. Жапайы жандуулар отко жайыла баштайт.

Күн жайыла тийүү: күн баардык жерге текши тийип жердин бети ысый баштайт. Бул кезде айылда кишилер эчак тирчилигин баштап кеткен болот да айылды курчап түтүн каптайт.

Шашке: күн жайыла тийип кыйладан кийин жердин бети ысып болот. Ар ким өз жумушуна кетип болот. Күн асманда кыйла эле көтөрүлүп болот.

Чоң шашке: күндүн оорду асманда кыйла бийиктейт. Жердин температурасы да кыйла жогорулап ысыйт. Жайдын күндөрү болуп калса отко жайылган жандуулар бир тоюп болот. Жолго чыккандар болсо бир далай жерге кетип болот.

Козу түш: түшкө жакындап калган кездеги убакыт. Болжолу саат 11 лер болсо керек.

Чыңкы түш: күндүн нуру эң тик түшүп жердин бети жылуулукту кабылдап тездеп ысып турган кез. Болжолу саат 12 лер болушу керек.

Түш оогон маал: түш оогон кезде жердин температурасы эң жогору болот. Себеби бул кезде жердин жылуулугу жогоруга карай өрлөй баштайт да эң ысык чекке жетет. Күндүн оорду кыйшайып оой баштайт. Көлөкө чыгат. Болжолу саат 2лер болсо керек.

Жарык пешим: көктөгү күндүн оорду кыйла эле ооп көлөкө узара баштайт. Жердин жылуулугу төмөндөй баштайт.

Ала көлөңкө кайткан маал: тоолордун күнгөй тарабындагы учунан жана таштардан көлөкө узарып жердин бети ала көлөкө пайда болот. Алакөлөкө дегенибиз нерсенин узарган көлөкөсү. Ала көлөкө деп аталышындагы себеп заттардын көлөкөсү узарганда жердин беттери кээлери күндүн нуру түшүп жарык болсо кээбир жерлер көлөкө түшүп күндүн нуру кайып болот. Демек көлөкө менен нур тең бар болгондуктан алакөлөкө деп аталган.

Кечпешим: ала көлөкөлөр кайтып тескей бетке өтүп болот. Тоолордун жарымнан ашып күндүн нуру кетип болот. Күндүн оорду батканга жакындап калат.

Күн олтура маал: тоолордун баштарында күндүн нуру калбайт. Жер жаан жана эле жарык турат. Күн батышка эңкейип тоонун артына жашырынып кетет.

Күгүм: күндүн кызылы жоголуп айлана караңгылаша баштаган кез. Мындай кезде нерселер билинип билинбей турат. Күн эчак олтуруп болот. Жарык жылдыздар анда-санда билинет.

Көз байлануу: асманда жылдыздар анык билинет. Күндүн кызылы батыш тарапта да

жоголот. Көз байланып айлана караңгы болот. Нерселер көрүнбөй калат.

Жатаaар мал: асманда жылдыздар чатырайт. Айлана капкараңгы болот. Кишилер жатып эс алууга баштайт. Муну жатаар маал дейт.

Оор жатар: жатаар маалдан өтүп кыйла болгондо элдин аягы жаткандагы кез. Асманда жылдыздар чатырайт. Айлана капкараңгы болот.

Жылдыз такта: оор жатаардан өтүп асманда жылдыздар тактадай текши чачырап турган кез. Мүмкүн түнкү саат 12-1лер болушу керек.

Түн ортосу: кишилер таттуу уйкуга кирген кез. Асманда жылдыздар чатырайт. Айлана жана эле капкараңгы. Болжолу түнкү саат 2-3 болсо керек.

Түн ортосунан оогон маал: болжолу түнкү саат 3-4 болсо керек. Асманда жылдыздар чатырайт. Айлана жана эле капкараңгы.

Сары жылдыз жоголгон кез: асмандагы жаркырак сары жылдыз көзгө көрүнбөй калат. Чатыраган жылдыздар өчө баштайт. Чыгыш жак агарып сүрүлөт. Айлана анчейин караңгы эмес.

Мындан башка күн найза бою көтөрүлгөн кез, күн найза бою көтөрүлгөн кез дегенге окшош убакыт кезеңдери бар. Мындай майда убакыт кезеңдери баргансайын унут болуп саат, мөнөт менен эсептей турган болуп кеттик. Асман денелеринин өзгөрүү мыйзамын күзөтүү аркалуу эсебин билишкен. Табият кубулуштарын күзөткөн да ошого карай күндөлүк турмуш тирчилигин орундаштырган. Когнитивдик лингвистика көз карашынан алганда, тил убакыт түшүнүгүн билдирүүнүн гана каражаты эмес, ошол эле учурда маданий убакыт түшүнүгүнүн маанилүү алып жүрүүчүсү болуп саналат. Ассоциациялык эксперименттердин негизинде, Naimanova жана Baizhigitova (2020) кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн “убакыт” түшүнүгүн кабыл алуусу табигий процесстер жана жашоо тажрыйбасы менен тыгыз байланышта экенин аныкташкан, бул анын айкын маданий өзгөчөлүгүн көрсөтөт.

Бешинчи, ай фазалары, мезгилдер жана байланыштуу өзгөчө убакыт түшүнүктөрү

Ай фазалары жана байланыштуу таанымдарынан булар:

Аярасы:Малчылардын арасында ай алмашкан мезгил, башкача айтканда, бир айдан экинчи айга өтүүчү күндөр да белгилүү бир мааниге ээ болуп, адамдар бул өткөөл мезгилге көңүл бурушкан. Мисалы, ай алмашар күндөн бир нече күн мурда жана ай алмашкандан кийинки бир нече күн “ай арасы” деп аталат. Ушул “ай арасы” мезгилинде аба ырайы көбүнчө бузулат: жамгыр жаайт, шамал болот; ал эми кыш мезгили болсо, кар жаайт.

Айжаңыруу: ай түнү бою көрүнбөйт. Ай жаңырганда шамдан кийин тырмактын учундай болуп жаңырып чыгат. Мунун айга үч, айга беш дегендей топтору бар.

Айга үч: айга үч болгондо айдын жаңырганын көрүүгө болот. Мында көрүнбөсө айга беш болгондо айдын жаңырганын көрүүгө болот.

Айга беш: ай жаңырып беш күн болгондогу айдын турпаты. Мурункулар айдын жаңырган түсүнө карап туруп ошол айдын кандай болушун болжошкон. Айдын түсү ак жаандуу болот, саргыч болсо шамалдуу болот, гүлгүн кызгылт болсо ысык болот деп болжонгон.

Толгон ай: жаңырган ай улам-улам толо баштайт. Он бешине барганда толуп тегерек формасында болот. Нурлуу болот. Элде толгонайдын он беши толгон айдай жарк этип дегендей сөздөр айтылат. Толгонай деп суулуулукка каратылып аялдардын атына коюлат.

Мезгилдер жана байланыштуу өзгөчө убакыт түшүнүктөрү

Сары узун: кээде узун сары дейт. Көктөм айларындагы күндүз узун болгон күндөрдү айтат. Эл оозунда май курутуңду сакта узун сарыда ичесиң деп айтылат. Бул туурасында жана мындай бир юмор айтылат. Кыз энесине карындагы май курутту качан ичебиз десе энеси кызына: май курутту узун сары келгенде ичебиз деп айтат экен. Бир күн энеси жокто үйгө узунсары киши келет экен. Ошондо кыз энем айткан узун сары ушул экен деп ашканадагы майкурутту ал кишинин алдына коюп берген экен. Келген киши көктөмдө үзүкчүлүктө курсагы ачып жүргөндүктөн карындагы майдан, жана табактагы куруттан тоё жеп кетип калган экен.

Саратан: күн узарып эң жогору чекке жеткенден баштап күн-түн кайра теңелгенге чейинки аралыктагы убакыттар. Аныгыраак айтканда 6-айдын 23-күнүнөн баштап 9-айдын 23-күндөрүнө чейинки убакыт. Саратанда күн ысык болот. Саратанда курсакты ток кылуу керек болбосо ысык өтүп кетип кесел болуп калат. Атты саратанда жем берип бакса жилигине кемиги толуктанып жакшы семирет деп караган. Айрыкча улакка минилүүчү аттарды саратанда жем берип багып тапташкан экен.

Токту тойбос, чөмүч кургабас: бул сөздүн маанiси болсо жалпысынан күндүн өтө кыскалыгын көрсөтөт. Күндүн кыскалыгынан койлорду жайып отко тойгозо албай жатып эле күн кеч болуп кеткенди анан чөмүч кургабас дегени үйдөгү аял заты аш-тамак жасап болуп эле бат эле кайра түшкү тамак ашка камынып, анан бат эле кечки аш-тамакка камынып жанатан эле жууган чөмүч кайра эле иштетилип кайра эле жуулуп баштаганындай күндүн тез эле кеч болгонун туюнткан сөз болуп аксакалдарын айтымында бул да кыштын күндүзгү убакыттын эң кыска кезеңдерин көрсөткөн убакыт мерчемдер болуп саналат экен.

Чилде: кыш мезгилинде болот. Түн узаруу эң жогору чекке жеткенден баштап кышкы күн-түн теңелүүгө чейинки аралыктагы эң катуу суук болотураган күндөр. Адатта чилде кырк күн болот деп билет. Чилдеде катуу суук болот. Мал жандууну короолорго жыйып келип багылганы оң. Күн кыска да суук болот. Кар жаайт. Кар жаап суук чыкса чилденин күчүнө келгени деп айтылат.

Капак жарды: кыш мезгилинин чилденин акыркы күндөрү. Бул кезде температура аябай төмөндөп сууктан муздар чорчоюп, чөгүндөгү суулар же капактагы суюктуктар жарып чыгат ошого капак жарды деп айтылат.

Үзүкчүлүк: жаз айларнын орто жана соңку күндөрү. Бул кезде алдынкы жылы камынган жемектиктер, нерселер, мал-чарбанын жем-чөбү түгөнүп үзүлүп калат. Жер суу көктөп малчарба анча тоюна албаган болот. Ошого аны үзүкчүлүк деп атаган.

Ач бээр: жергиликтүү тилде көктөмдү бээр деп айтышат. Көктөмдө малчарба тоюнбай ач калат. Байыркы кезде ак түшүмдөрүн негиздүү жемектик кылгандыктан кишилердин жемектиктери да түгөнүп курсак ачып берет. Ошого ач бээр деп атаган.

Токоол: бул сөздүн маанiси жакындашуу, тогошуу деген болот. Асман денелеринин (сары жылдыр же чолпон жылдыз), ай, үркөр бир-бирине тогошкон же жакындашкан кези. Асман денелери (ай жана жылдыз) бир-бирине тоголуп калса кар кар жааш, шамал чыгуу, күн бүркөлүп суук болуу сыяктуу начар аба ырайы көрүлөт. Тогошпой алыстан өтүп кетсе жеңил гана өтүп кетет дешет. Жаңы ай көрүнгөндөн баштап эсептеп канчасына келгенде ошондой жаман аба-ырайы көрүлсө тогошкон болот. Мисалы, беш токоол дегени үчүнчү айдагы айдын жаңырып айга беш болгондогу токоолду көрсөтөт. Токоолдун эсебин негизи күн айларынын соңунан баштап көктөмдүн соңуна чейин эсептешкен. Айлардагы тогошуу мындай эсептелген:

Алтынчы ай жыйырма үчүндө, жетинчи ай жыйырма биринде (бул эки айдын тогоолун адам баласы гөрө албайт дешет, анткени үркөр асманга чыгып кетти деп коюшат), сегизинчи айга келгенде үркөр жерге түшкөн болуп, он тогузунан, тогузунчу ай он жетисинен, онунчу ай он бешинен, он биринчи ай он үчүнөн, он экинчи ай он биринен, биринчи ай тогузунан, экинчи ай жетисинен, үчүнчү ай бешинен, төртүнчү ай үчүнөн, бешинчи ай биринен тогогон. Бир токоол өткөндөн соң мал-чарба көккө тоюнуп калат. байыркылар ошол мыйзамдуулукту ийгерип абаырайынан алдын маалымат берип турмуш тирчилигин орундаштырган экен.

Тараза: жаз айындагы (үчүнчү айдагы) күн менен түндүн теңдешкен мезгилдери жана тогузунчу айдын 21-күндөрүндөгү күн-түн теңелүү мезгили. Бабаларыбыз күн менен түндүн тедешкенин күзөтүп жүрүп тараза деп өтө дурус айткан. Жазгы таразада суук чыгат, кар жаайт. Куштар тараза өткөндө келет. Мурун келип алган куштар таразада тоңуп өлүп калат. Тараза өткөндөн кийин күн ысып муздар ээрип жакшылана баштайт. Күзгү таразадан баштап күн кыскарып сууй баштайт.

Сарыкар: болжолу төртүнчү айларда жааган кардын бири. Муну сарыкар деп аташтагы максат ушул кар жаагандан кийин суулар чээнден чыгат. Суур жаңыдан ийинден чыкканда

сары түстө болот. Ошонун түсүнө карай сарыкар деп койгон болсо керек. Сарыкар жаагандан кийин жер бети көктөшкө баштайт. Ушуга карап мезгилди да эсептеген.

Коңуркүз: күз айларынын ортолору болсо керек. Коңуркүз дегендин мааниси кишиге жагымдуу күз айларынын күндөрү деген болот. Бул жерде тогузунчу ай жана онунчу айлар салкын болот. Ошого ушул мезгилди коңур күз десе керек.

V Экологиялык-маданияттык маниде чечмелениши

Салттуу убакыт эсеби бул бир чоң билим системасы болуп бир элдин байыркы эл экенин, түпкүлүктүүлүгүн туюнткан. Эгер мындай эсепке кылдат болбосо анда алардын жашоосу жаратылыштын катаań сыноосуна кабылып турган. Айрыкча көчмөн элдер үчүн бул эсепчилик абдан манилүү болгон. Себеби булардын жашоосу жаратылыш менен тыгыз байланышта болуп айлана чөйрөнүн мыйзам-ченемдерин жакшы ийгере албаса жашоосу абдан таасирге учураган. Айрыкча Памир сыяктуу тоолуу аймактарда жашаган калк үчүн абдан керектүү болгон. Эл арасында эчен жолу калың кар жаап эч жакка көчүүгө аргасыз болуп мал-жан ачтыктан кырылып катуу азап чеккени айтылат жана “чахар баатыр” деген болжолу 17-18 кылымдарда Памир жергесин окуяларын учкай тааныштырган бирок абдан баалуу болгон кыска көлөмдүү эмгектер убакыт эсепчилигинин канчалык манилүүлүгүн түз чагылдырып берет.

Жогоруда талданган убакыт түзүлүшүнө таянып, кыргыздардын салттуу убакыт түшүнүгүндө камтылган терең экологиялык-маданий логиканы андан ары жалпылоого болот. Айрым изилдөөчүлөр белгилегендей, экологияга жогорку деңгээлде көз каранды болгон көчмөн коомдордо салттуу экологиялык билим убакытты бөлүштүрүүнүн түйүндүү негизи болуп, убакыт системасы маңызы боюнча жашоо-тиричилик практикасын камсыз кылган экологиялык-маданий механизм болуп саналат (Xiao et al., 2023).

(А) “окуялык убакыт”: жашоо ритми убакыттын маңызы катары саналган.

Заманбап коомдо убакыт саат жана календарь аркылуу өлчөнсө, салттуу көчмөн коомдордо убакыт көбүнчө жаратылыштын ритмине жана өндүрүштүк муктаждыктарга негизделген “экологиялык убакыт” катары кабыл алынган. Бул өзгөчөлүк ар түрдүү көчмөн маданыяттарга мүнөздүү (Xiao et al., 2023). Кыргыздардын убакыт түшүнүгү маңызы боюнча “окуялык убакыт” болуп саналат. Убакыт өз алдынча, абстракттуу түрдө жашабастан анын түзүлүшү, мааниси жана “өлчөмү” жаратылыш дүйнөсүндөгү жана адам турмушундагы маанилүү окуялар аркылуу аныкталат. Мисалы, суурдун иннен чыгышы жана инге кириши, куштардын келиши жана кетиши, алакөлөкө, “түш маалы”, “жылдыз (чолпон) таң атуу” сыяктуу конкреттүү учурлар аркылуу түшүндүрүлгөн. Мындай убакыт түшүнүгү адам жашоосун экосистеманын жандуу ритмине тыгыз байланыштырган. Убакыт жандуу турмуштук аракеттер аркылуу мазмунга ээ болуп, конкреттүү жана маанилүү болуп саналат. Бул өзгөчөлүк заманбап индустриалдык коомдогу бир калыпта агып өтүүчү, окуялардан ажыратылып өз алдынча өлчөнүп, алмаштырылуучу “бош куту” сыяктуу убакыт түшүнүгүнөн түп-тамырынан айырмаланган.

(Б) “денелик таанып-билүү”: айлана-чөйрөнү кабыл алуунун негизги куралы катары дене болгон.

Салтуу жашоодогу кишилердин убакытты таануудагы“окуялык убакыт” түшүнүгү менен тыгыз байланышкан дагы бир өзгөчөлүк - анын күчтүү “денелик” мүнөзү. Башкача айтканда, убакытты аңдоо жана мезгилди аныктоо сырттан келген приборлор аркылуу эмес, адамдын өзүнүн сезим органдары аркылуу ишке ашат: көз жарык менен көлөкөнүн өзгөрүшүн байкайт, тери жылуулук менен суукту сезет. Дене айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү өлчөөчү эң сезимтал жана түз “куралга” айланат. Мындай таанып-билүү ыкмасы жер, күн нуру жана жылдыздар менен терең байланышкан “калың убакыт сезимин” жаратат. Убакыт тажрыйбасы бул жерде тажрыйбага сиңген, сезүү аркылуу түшүнүлгөн мүнөзгө ээ болуп, билим “денелик билүү” катары калыптанат. Бул адамдарда айлана-чөйрөнү өтө так байкоо жөндөмүн жана жогорку деңгээлдеги ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн өстүрөт.

(В) “жаратылыш менен адамдын өз-ара сезе билүүсү”: өз ара аракеттенүүгө негизделген

экологиялык дүйнө тааным

Жалпысынан караганда, кыргыздардын салттуу убакыт тутуму жылдар аркылуу жылдын мүнөзүн алдын ала болжолдоо, “мүчөл” жаш курак циклдерин жоромолдоо жана сактануу жөрөлгөлөрү, ошондой эле “токоол” сыяктуу асман кубулуштарынын аба ырайына тийгизген таасирине болгон ишеним - баары бир бүтүн “асман менен адамдын өз ара байланышы” же “асман-адам интеракциясы” деген дүйнө таанымга багытталган.

Бул түшүнүктө асман (космос, жылдыздар), жер (жаратылыш дүйнөсү) жана адам (коомдук жашоо) бири-биринен бөлүнгөн иерархия эмес, тескерисинче, дайыма өзгөрүп турган, өз ара таасир эткен динамикалык байланыштардын тутуму болуп саналат. Асмандагы өзгөрүүлөр түздөн-түз жердеги абалдарга жана адамдардын турмушуна (жакшылык-жамандык, кырсык-бакыт) таасир этет ал эми адамдын коомдук аракеттери (мисалы, жөрөлгөлөр) да белгилүү бир деңгээлде бул таасирлерди жөнгө салууга же алдын алууга багытталат.

Убакыт ушул өз ара байланышкан тутумдун эң негизги өзөгү жана аны чагылдыруучу негизги формасы болуп эсептелет. Борбор Азиядагы көчмөн маданияттарды изилдөөлөр көрсөткөндөй, майрамдар жана жылдык жөрөлгөлөр көбүнчө циклдик убакыт түшүнүгүн чагылдырат: убакыт бир багытта алдыга жылган сызык эмес, кайра-кайра кайталанып турган айлампа процесс катары кабыл алынат (Abykeeva et al., 2025).

Алардын бул билимдери кыргыздардын кезде көчүп-конуу, качан чарба иштерин жүргүзүү, качан жөрөлгөлөрдү өткөрүү керектигин жөнгө салган жөн гана жашоо муктаждыгынан улам жаралган болуп эле калбастан, ошол эле учурда жаратылыш менен ааламдын ритми менен “үндөш” болууга умтулуу болуп саналат. Алар динамикалык өз ара аракеттенүү аркылуу гармонияга жана туруктуулукка жетишүүгө аракет кылышкан. Бул терең экологиялык бүтүндүккө негизделген жана бирге жашоо философиясин чагылдырган дүйнөтааним болуп эсептелет. Эл арасында мал тапкыча эсеп тап деп айтылган макал жөн жеринен айтылган болбостон бир жагынан, малчылар салттуу билимдер аркылуу өздөрүнүн чарбалык жана күнүмдүк жашоосун жаратылыш циклдерине тыгыз байлап келген: жаныбарлардын көчүшү, кышкы уйкуга кетиши, өсүмдүктөрдүн өнүп чыгышы же соолушу сыяктуу көрүнүштөргө жараша аныкталган. Бул адамдын жаратылышка болгон урматын жана андан көз карандылыгын айкын көрсөтөт. Эгер бул жактан так малыматтарды биле албаса анда так эсептеп биле албаса анда табыяттын катаań сыноолоруна душар болуп калышкан.

Экинчи жагынан, мезгилдерди белгилеген “чилде”, “ноктек” бишти сыяктуу аталыштар терең экологиялык даанышмандыкты камтып, кыргыздардын жаратылыш мыйзамдарына ылайык жашоо жана айлана-чөйрө менен динамикалык тең салмактуулукту сактоо түшүнүгүн чагылдырат. Алар жаратылыш белгилерин эске алуу менен жашоо-тиричиликти уюштурса, аба ырайынын туруксуздугунан келип чыгуучу жоготууларды азайтып, туруктуу өнүгүүгө жетүүгө болот деп ишенишкен.

Мындай календарды экологиялык кубулуштар менен айкалыштыруу “жаратылыш менен адамдын биримдиги” деген түшүнүктү айгинелейт: адам жаратылыштын ажырагыс бөлүгү болуп, анын ритмин түшүнүп, урматтаганда гана катаал шарттарда жашап, өсүп-өнүгүүгө мүмкүнчүлүк алат. Кыргыздардын элдик мезгил бөлүштүрүүсү жана фенологиялык билими дал ушул табият менен үндөшүп жашоо, гармониялуу бирге жашоо сыяктуу маданий маанини чагылдырат.

VI Жыйынтык. жергиликтүү экологиялык таанымдын заманбап жаңырыгы

Кытайдын Памир бийиктигинде жашаган кыргыздардын бул салттуу убакыт эсептөө ыкмасы жана убакыт таанымы башка жердеги кыргыздар сыяк эле адамзаттын экологиялык акылы менен маданий мурасынын жандуу үлгүсүн сактап турат. Ал “илимий” эсептөө системалары кеңири жайыла электе эле, адамдар конкреттүү экологиялык шартка так ылайык келген, татаал жана жогорку деңгээлде өнүккөн убакыт түшүнүк системаларын түзө алганын далилдейт. Бул системанын баалуулугу жөн гана “носталгия” же “экзотика” менен чектелбей турганын төмөндөгүдөй жыйнактоого болот.

Биринчиден, ал өтө жогору баалуу материалдык эмес маданий мурас болуп саналат. Анын ичинде камтылган экологиялык тааным - фенологиялык көрүнүштөрдүн иретин так аныктоо, ресурстардын циклдик мүнөзүн терең түшүнүү (мисалы, үзүкчүлүк, ошондой эле асман кубулуштары менен климаттын байланышын узак мөөнөт байкоо - кылымдар бою практикалык турмушта текшерилген, туруктуу жергиликтүү билим системасы болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө глобалдык климаттык өзгөрүүлөр жана экологиялык кыйынчылыктар күчөгөн шартта, мындай байкоого негизделген экологиялык болжолдоо жана ыңгайлашуу ыкмаларын кайра карап чыгуу өзгөчө мааниге ээ.

Экинчиден, бул система заманбаптыкты сынчыл түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген күзгү катары кызмат кылат. Кыргыздардын “окуялык убакыт” жана “денелик убакыт” түшүнүктөрү азыркы коомдогу убакыттын өзгөргөн маңызын көрсөтөт: убакыт жаратылыш ритмдеринен жана жашоо тажрыйбасынан ажырап, бөлүнүүчү, сатылуучу жана ылдамдатылуучу абстракттуу ресурс катары кабыл алына баштаган. Бул көрүнүш жалпы убакыт тартыштыгы сезимин жана экологиялык аң-сезимдин алсырашын шарттайт. Ал эми салттуу убакыт түшүнүгү убакыттын башкача сапатын эске салат - ал конкреттүү, жашоо окуялары менен бай, жаратылыштын ритми менен тыгыз байланышкан.

Демек, бул изилдөөнүн мааниси жөн гана этнографиялык сүрөттөө менен чектелбейт. Ал убакыттын маңызы жөнүндө кайра ойлонууга түрткү берет жана технология менен эффективдүүлүк үстөмдүк кылган доордо жаратылышка, денелик сезип билүүгө жана узак мөөнөттүү байкоолорго негизделген билимдерди кайра баалоого чакырат. Кыргыздардын салттуу убакыт түшүнүгү сыяктуу жергиликтүү билимдерди сактоо жана түшүнүү маданий ар түрдүүлүктү камсыз кылуу үчүн гана эмес, келечекте туруктуу, ийкемдүү жана жашоого жакын коомдук моделдерди куруу үчүн да маанилүү.

Сөздү жыйынтыктап айтканда, жергиликтүү эл чоң жагынан мүчөл, жыл ай күндөн тартып кичинекей убакыт мерчемдерине чейин таанып билген жана тийешелүү аттар менен атап ошолорго жараша жашоо тиричилигин пландап жашоосун өткөргөн. Чоң жагынан караганда башка жердеги кыргыздардын убакыт таануусу менен окшоп калганы менен айырм жактардан мисалы, ай аттарынын арапча аталышы, гулжа чаңыт, теке чаңыт, капак жарды үт, дә, сарыкар, узун сары, ноктек бышты , жылдыз такта, оор жатар ж,б сыяктуу өзүндүк атоолор жана эрекчеликтерди калыпташтырганын байкайбыз. Бул элибиздин убакыт эсепчилиги жагындагы билим системасынандан ары байытып эле калбай көчмөн маданыяттагы убакыт түшүнүгү жаратылыш ритмдерине жана социалдык практикага негизделип, анын экологиялык жана циклдик мүнөзү салттуу убакыт түшүнүгүнөн келип чыккан региондук негизги өзгөчөлүгү экенин таамай чагылдырып берет. (Irvine, 2025 Isakov, 2018).

Колдонулган адабияттар:

1. Абикээва Т., Ахан М., Казбекова С. (2025). Казактар жана ногайлар арасында Нооруздуу түшүнүү: убакыттын циклдик концепциясы. Frontiers in communication, 10, макала 1693748.
2. Жумаев Б. (2018). Кыргыз тааануу. Бишкек: улуу тоолор.
3. Жусупов К., Иманалиев К., Макаев Ө. (2019). Кыргыздар: жыйырма томдук. 12-том, 2-басылыш. Тарых жана маданият. Бишкек: бийиктик плюс.
4. Ирвайн Р. Д. Г. (2025). Бош жер, бош убакытпы антропологиялык теория жана көчмөн цивилизация. Mongolian anthropological review, 1, 1-20.
5. Казиев Д. С. (2021). Биофизикалык өзгөрүүлөрдү түшүнүү: жогорку Алай өрөөнүнүн сезондук календары, Кыргызстан (магистрдик диссертация). Корнелл университети.
6. Кален асанакун.(2026) кыргыз элинин сан санагы жана убакыт ченеми,Шинжаң кыргыз адабияты,2026-жыл биринчи сан, 12-бет.
7. Найманова С., Байжигитова А. (2020). Кыргыз тилинин дүйнө таанымында “убакыт” түшүнүгүн чечмелөө: ассоциациялык эксперимент. Open journal of social sciences, 8, 1-14.

8. Сайпидин Ысак уулу.(2025) Кыргызча макал-лакаптардын кытайча котормосу(Эл арасынан жыйнаган ички материял), Кытай.
9. Сайпидин Ысак уулу.(2025) Кытай памириндеги кыргыздар (Эл арасынан жыйнаган ички материал), Кытай.
10. Султаналы Борбордой.(2005) Кыргыздардын календари, Үрүмчү: Шынжаң Эл басмасы;
11. Сяо Ю., Ван Л., Су Р. (2023). Памир тоолорунда туруктуу сезондук мал багуу үчүн салттуу экологиялык билимге негизделген календардык система. Journal of cleaner production, 388, 137756.
12. Ысаков Б. (2018). Кыргыз көчмөндөрүнүн салттуу календарди кабыл алуусу. Gazi akademik bakış, 11(22), 181-195.

УДК 821.512.154-31:130.2

КАССАНДРА ТАМГАСЫНДАГЫ РУХАНИЙ КООПСУЗДУК ЖАНА АДАМЗАТТЫН КЕЛЕЧЕГИ

Байтокова А.С.
ORCID:0009-0001-0514-6477
п.и.к. Ж.Баласагын ат.Кыргыз улуттук университети
, Ainura.baytokova@gmail.com

СОХРАНЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКОЙ СУЩНОСТИ И БУДУЩЕЕ ЧЕЛОВЕЧЕСТВА В РОМАНЕ Ч. АЙТМАТОВА "ТАВРО КАССАНДРЫ”

Байтокова А.С.
ORCID:0009-0001-0514-6477
к.п.н. Кыргызский национальный университетим.Ж.Баласагына
Ainura.baytokova@gmail.com

SPIRITUAL SECURITY AND THE FUTURE OF MANKIND IN CHINGIZ AITMATOV'S NOVEL "THE BRAND OF CASSANDRA”

Baitokova A.S.
ORCID:0009-0001-0514-6477
Candidate of Pedagogical Sciences,
Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn.
Ainura.baytokova@gmail.com

Аннотация

Макалада Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы Филофей (Крыльцов) жана Оливер Ордоктун образдарына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт. Негизги басым илимдин этикалык жоопкерчилигине жана технократтык коомдун коркунучуна жасалган. Илимпоздун атак-даңкка умтулуусу менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын ортосундагы карама-каршылык Филофейдин өкүнүчү аркылуу ачып берилет. Ошону менен бирге, Оливер Ордоктун образы аркылуу сезимсиз прагматизмдин кооптуулугу каралат. Айрыкча, заманбап санариптик трансформация доорунда билим берүүдө антропологиялык мамилени ишке ашыруунун зарылдыгына өзгөчө басым жасалды. Автор гуманисттик принциптерди жана этикалык нормаларды этибарга албоо жогорку технологиялык дүйнөдө инсандын деградациясына жана моралдык багыттардын жоголушуна алып келерин негиздейт. Жыйынтыгында, педагогикалык изилдөөлөрдөгү математикалык тактык менен адамдык рухий дүйнөнүн гармониясы адамзаттын келечегин сактап калуунун жалгыз жолу экендиги далилденген».